ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 338.4:339.543.622

**Т.А. ДОЛОНОВА**
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ СТРОИТЕЛЬСТВА, ТРАНСПОРТА И АРХИТЕКТУРЫ ИМЕНИ Н. ИСАНОВА, Г.БИШКЕК, КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
E-MAIL: T.DOLONOVA@MAIL.RU
**T.A. DOLONOVA**
KYRGYZ STATE UNIVERSITY OF CONSTRUCTION, TRANSPORT AND ARCHITECTURE NAMED AFTER N. ISANOV, BISHKEK, KYRGYZ REPUBLIC
E-MAIL: T.DOLONOVA@MAIL.RU

**Г.О. БЕКЖАНОВА**
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ СТРОИТЕЛЬСТВА, ТРАНСПОРТА И АРХИТЕКТУРЫ ИМЕНИ Н. ИСАНОВА, Г.БИШКЕК, КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
E-MAIL: BEKZHANOVA_GULBARCHYN@MAIL.RU
**G. O. BEKZHANOVA**
KYRGYZ STATE UNIVERSITY OF CONSTRUCTION, TRANSPORT AND ARCHITECTURE NAMED AFTER N. ISANOV, BISHKEK, KYRGYZ REPUBLIC
E-MAIL: BEKZHANOVA_GULBARCHYN@MAIL.RU

**Р.К. НОГОЙБАЕВА**
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ СТРОИТЕЛЬСТВА, ТРАНСПОРТА И АРХИТЕКТУРЫ ИМЕНИ Н. ИСАНОВА, Г.БИШКЕК, КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
E-MAIL: RIMA0707@MAIL.RU

**R. K. NOGOIBAEVA**
KYRGYZ STATE UNIVERSITY OF CONSTRUCTION, TRANSPORT AND ARCHITECTURE NAMED AFTER N. ISANOV, BISHKEK, KYRGYZ REPUBLIC
E-MAIL: : RIMA0707@MAIL.RU

---

***E.mail. ksucta@elcat.kg***

# КЫРГЫЗСТАНДА МАМЛЕКЕТ ТАРАБЫНАН ЧАКАН ЖАНА ОРТО БИЗНЕСТИ КОЛДОО

# ГОСУДАРСТВЕННАЯ ПОДДЕРЖКА МАЛОГО И СРЕДНЕГО БИЗНЕСА В КЫРГЫЗСТАНЕ

# STATE SUPPORT OF SMALL AND MEDIUM BUSINESS IN KYRGYZSTAN

*Макалада Кыргызстанда чакан жана орто бизнестин 25 жыл аралыгындагы өнүгүүсү жана учурдагы абалы, экономикага тийгизген таасири, көйгөйлөрү каралган. Чакан жана орто бизнестин өнүгүүсү мамлекет тарабынан колдоого муктаж. Кыргызстанда 25 жыл аралыгында мамлекет тарабынан бул секторго ар тараптан - мыйзамдык негизде, салык тарабынан, финансылык көзөмөл тарабынан жардамдар каралган.*

***Чечүүчү сөздөр:*** *бизнес; рынок; продукция; ишкердүүлүк; суроо-талап; орто жана чакан бизнес; көйгөй; мыйзам.*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

*В статье были рассмотрены проблемы малого и среднего бизнеса в Кыргызстан, а также его развитие в течение 25 лет и на данный период, влияние его на экономики страны. Малый и средний бизнес нуждается в поддержке государства. Были рассмотрены все попытки государственной поддержки малого и среднего бизнеса со стороны закона, налоговые льготы, государственных финансовых инспекций и т.д.*

***Ключевые слова:*** *бизнес; рынок; продукция; предпринимательство; спрос-предложение; малый и средний бизнес; проблема; закон.*

*In the article problems and development of small and medium business in Kyrgyzstan during 25 years and now, influence in the economy of the country. Small and medium business needs state support. The state support of the state of small and medium business by the law, tax and financial inspection.*

***Key words:*** *business, market, production, entrepreneurship, supply-demand,small and medium business, problem, law.*

Азыркы учурда рыноктук экономиканын өзөгун чакан жана орто ишканалар негизги ролду ойной турган жеке сектор түзөт. Чакан жана орто ишканаларсыз экономиканын эффективдүү өнүгүшү мүмкүн эмес. Мындай ишканалар алгачкы ири капиталды талап кылбайт, ресурстардын айлануу ылдамдыгы абдан чон, ошондой эле, керектөөчү товарлардын рыногун түзүү жана камсыздоо боюнча көйгөйлөрдү тез, үнөмдүү жолдор менен чече алышат.

Кыргызстан үчүн чакан жана орто ишкерчилик экономикадагы өзгөрүүлөрдүн негизги катализатору катары каралат, анткени алар элдин айрым бир продукцияларга болгон суроо-талабынын өзгөрүшүн тез жана толук эске ала алышат.

Бул сектор Кыргызстандын экономикасында потенциалдык эффективдүү жана көптөгөн социалдык көйгөйлөрдү чече ала тургандыктан, негизги секторлордун бири болуп эсептелет. Республикада азыркы мезгилде чакан ишкерилик чөйрөсүнө олуттуу финансылык, өндүрүштүк жана эмгек ресурстары тартылган. Чакан жана орто бизнестин ролу, жакынкы убакта стратегиялык ресурстардын тартыштыгын эске алсак, мындан ары да жогорулайт.

Кыргыз Республикасында чакан жана орто ишкердүүлүктү өнүктүрүү процесси өндүрүш каражаттарына болгон мамлекеттик менчикти приватташтыруу жана менчиктештирүүдөн башталган. Бирок чакан жана орто бизнесин калыптанышы – узакка созула турган процесс, мамлекеттин колдоосу жок анын эффективдүү өнүгүшү мүмкүн эмес. Буга эл аралык тажрыйба күбө.

Кыргызстандын суверендүүлүк жылдарында экономиканы көтөрүү максатында мамлекет тарабынан ишкердикти өнүктүрүү боюнча конкреттүү чаралар жүргүзүлгөн жана алар жакынкы перспективага багытталган.

Республикада бул сектордогу мамлекеттик саясатты аныктоочу мыйзамдык база бар экендигин белгилей кетүү керек. Ал КРдин «Чакан ишкердикти мамлекеттик колдоо жөнүндө» мыйзамы. Бул закон натыйжалуу ишке ашырылса, чакан жана орто бизнести мамлекеттик коргоону жөнгө салууда негизги курал боло алат. Мамлекеттик колдоо деп, республикалык бюджеттин жана атайын бюджеттик эмес фонддордун эсебинен каржылана турган иш-чаралар, ар түрдүү төлөмдөр, анын ичинде, салыктар боюнча чакан жана орто бизнестин субъектилерине жеңилдиктерди берүү эсептелинет. Мыйзамда мамлекеттик колдоонун белгилүү бир формалары жазылган, тактап айтканда: чакан жана орто бизнестин субъектилерин каттоонун жөнөкөйлөтүлгөн тартиби, статистикалык жана эсеп-кысап отчеттуулуктарды көрсөтүүнүн принциптери, орто жана чакан бизнестин субъектилеринин иш-аракетин лицензиялоо ж.б. Ошондой эле салык салуу боюнча бир катар жеңилдиктер каралган: негизги өндүрүш фондуларынын тездетилген амортизациясы, жеңилдетилген насыялоо жана камсыздандыруу.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

Ошону менен катар, бул мыйзам декларативдүү экенин, ишке ашыруу механизмине ээ эмес экендигин, орто жана чакан бизнестин өнүгүшүнө практикалык жактан таасир этпей тургандыгын укуктук талдоо жүргүзүүдө көрсөтүлгөн.


Соода-өнөр жай палатасынын мүчөлөрүнүн арасындагы сурамжылоо, ишкерлерге алардын бизнесинин өнүгүшүнө эмне тоскол болуп жаткандыгын аныктоого жардам берген. Көпчүлүк бөлүгү (72%) өздүк финансылык каражаттарынын жетишсиздиги, 68,3% саясий туруксуздукту, 62,2% мамлекет тарабынан бизнестин өнүгүшүнө жардам жоктугун, мыйзамдардын туруксуздугун көрсөтүшкөн. Ишкерлердин дээрлик жарымы салыктык башкаруунун татаалдыгын белгилешкен (52,4%). Коррупция дагы көйгөй жаратып жаткандыгын 41,5 % ишкерлер айтышкан. Ошондой эле кадрларга, жабдыктарга, имараттарга, продукцияны сатып өткөзүүгө, салыктын чон көлөмүнө байланышкан бир катар көйгөйлөр бар экендиги аныкталган.

Биздин Республикадагы абалга кайрыла турган болсок, 1991 жылы кичи ишканалардын саны 2269 болсо, 2006-2015 жылдар аралыгында чакан жана орто ишканалардын саны 8424 төн 13232 ге чейин өскөн (1- сүрөт.)

Азыркы учурда республикада 13,5 миң орто жана чакан ишканалар иш жүргүзүшөт, анын ичинде 12,7 миң – кичи ишкана, 0,8 миң – орто ишканалар. Орто жана чакан ишканалардын 25 % нен ашыгыраагы дүн жана чекене соода тармагында иш алып барышат; 16,5 % - өнөр жайда; 11,8% - кесиптик, илимий жана техникалык тармакта иштешет. Чакан жана орто бизнесте эмгектенгендердин жалпы саны 417,3 миң кишини түзөт.

Кичи жана орто ишканалар тарабынан чыгарылган өнөр-жай продукциянын көлөмү 1828,8 млн сомго барабар.

Өндүрүлгөн продукциянын көпчүлүк бөлүгү айыл-чарба секторуна тийиштүү (жалпы продукциянын көлөмүнүн 60,8% түзөт).




1-сүрөт. КРда кичи ишканалардын санынын 1991-2015 жылдардагы өнүгүү динамикасы

Чакан жана орто ишкердикти тармактык структура боюнча карай турган болсок, соода-ортомчулук иш-аракеттердин өнүгүшү басымдуулук кылат. Мисалы, 2015- жылы соода-ортомчулук жүгүртүүнүн жалпы көлөмүнүн 99,8 %ин чакан жана орто

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

ишканалардын чекене товар жүгүртүүсү түзгөн. Алардын ичинен кичи ишканаларга 37 %, орто ишканаларга – 1,5 %, жеке ишкерлерге – 61,2 % туура келет.

Мындан тышкары тармактык структура боюнча алдыда соода тармагы, автомобиль жана үй тиричилигине керектүү буюмдарды оңдоо (37,6 %), кайра иштетүү өнөр жайы (20,5 %), коомдук тамактануу (5 %) жана чекене товар жүгүртүү (24,3 %).

Кичи ишканалардын соода жана ортомчулук иш-аракеттеринин позитивдүү ролун жаңы чарбалык байланыштарды түзүүдөн, мисалы тышкы сооданын өнүгүшүнө кошкон салымдарынан көрсөк болот. 2014-жылы чакан жана орто ишкерлердин тышкы соода жүгүртүүсү азыркы баа менен 3519,2 млн. долл. түзгөн.

Кыргызстандын экономикасында болуп өткөн терең өзгөрүүлөр өнөр жайдын дагы чакан жана орто ишкерликтин формасына өтүшүнө мажбур кылган. Ондогон ишканалар чыгашалуу болуп калган. Мурдагы цех жана участоктордун базасында эл керектөөчү товарларды чыгаруучу чакан ишканалар түзүлө баштаган. Чакан жана орто бизнес үчүн айыл чарба продукциясын кайра иштетип чыгуу пайдалуу сектор болуп эсептелет, бирок бул тармакта жаңыланууга жана негизги фонддорду түзүүгө каражат жетишсиз.

Кыргызстанда жүргүзүлүп жаткан мамлекеттик саясат чакан жана орто бизнести өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталган. Кыргызстанда бизнести тариздөө мөөнөтү олуттуу кыскарды (21 күндөн 3 күнгө чейин). 2008-жылы «Ишкерлердин укуктарын коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы кабыл алынган. Бул мыйзамдын аракети ишкерлик субъектилер арасында пайда болуучу мамилелерге жайылтылат.

Ишкерлердин укуктарын коргоо боюнча мыйзам төмөндөгүлөрдү аныктайт:

- ишкердик субъектилердин ортосундагы боло турган мамилелердин түрдүү формаларын нормативдик негизде бекитүү;
- ишкердик субъектилеринин айрым категориясына мамлекеттик колдоону бөлүштүрүүнү ишке ашырууну камсыз кылуу;
- ишкердик иш-аракеттерди жүргүзүү шарттарын жакшыртуучу мыйзамдык принциптерди бекитүү;

Кыргыз Республикасынын өкмөтү мамлекеттик инвестициялык климатты түп-тамырынан өзгөртүүгө жана бизнести жүргүзүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө көп күч-аракеттерди жумшады. 2009-жылы салык системасын оптималдаштырууну көздөгөн жаңы Салык кодекси кабыл алынды. 2006-жылдан баштап КНСтен (кошумча наркка салык) өздүк өндүрүштө пайдалануучу ишканалардын импорттук жабдыктар бошотулган. Өкмөт ишканалардын пайда салыгын 20 проценттен 10 процентке азайткан.

Кодекстин жаңы редакциясы ишке киргенден тарта бизнестен чогултула турган салыктардын жалпы саны 15 тен (8 республикалык жана 7 жергиликтүү) 8ге кыскарган. Тактап айтканда, жергиликтүү салыктардын көпчүлүк бөлүгү жоюлган, бул чакан жана орто бизнес үчүн салык системасын олуттуу жөнөкөйлөткөн, ошондой эле салык органдарынын административдик чыгымдарын бир кыйла азайткан. Кошумча наркка салык 20 проценттен 12 процентке кыскарган.

Жеке сектор менен мамлекеттик структуранын ортосундагы мамилелерди региондор арасындагы ишкерлердин кызматташуусун жөнгө салууга өбөк болгон бир канча иш-чаралар өткөрүлгөн, тагыраак айтсак, орто жана чакан бизнестин форуму уюштурулган.

Мамлекеттик финансылык көзөмөл менен биргелешип «Кыргыз Республикасынын «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» мыйзамына толуктоо жана өзгөртүү киргизүү жөнүндө» мыйзамы боюнча иш жүргүзүлгөн. Ушул закондун негизинде чакан ишкерликтин

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

субъектилери мурун эл аралык стандарт боюнча финансылык отчеттуулукту жасаш азыр улуттук стандарт боюнча эсеп-кысапты жүргүзүшөт. Салык кодексинин 259 беренесине өзгөртүү киргизилген (мамлекеттин территориясында импорттолгон негизги каражаттар КНС төлөөдөн бошотулган). Бул негизинен Кыргызстанга сырттан алынып келген күнөсканалар үчүн жабдыктарга тиешелүү.

КР туруктуу өнүгүүсүнүн улуттук стратегиясында да келечекте чакан жана орто бизнестин өнүгүшүнө көңүл бурулган.

Чакан жана орто бизнестин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү маселеси каралган: жеке менчиктин коопсуздугун сактоо боюнча мыйзамды күчөтүү, ишкерликти жөнгө салууга мамлекеттин кийлигишүүсүн азайтуу, ишкерликти финансы-насыялык колдоо жана камсыздандыруу, эл аралык «Бизнести жүргүзүү» рейтингинде алдынкы отуз орунга кирүү.

Мамлекеттин чакан жана орто бизнеске карата жүргүзгөн саясаты алардын өз алдынчалыкка умтулуусуна шарт түзүү аркылуу аларга жардам көрсөтүү болуп эсептелет.

Ири өндүрүшкө салыштырмалуу бул ишканалар ресурстар, кадрлар, жабдыктар менен камсыз болууда, капиталды тартууда ыңгайсыз абалды ээлешет. Чакан жана орто бизнес салык гана төлөбөстөн, мамлекеттик таасирдүү колдоого дагы таянууга тийиш.

Өткөн жылы тарыхый окуя болуп өттү – Кыргызстан ЕАЭБке мүчө болду. ЕАЭБке мүчөлүк бизге экономиканы диверсификациялоого жана потенциалдык мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашырууга өбөлгө түзөт, анткени биз 180 млн. керектөөчүлөрү бар чоң рыноктун бир бөлүгү болуп калдык.

Өзүнүн ДСУга жана ЕАЭБ мүчөлүгүн пайдаланып азыркы өндүрүштүн деңгээлинде деле өлкөнүн көбүрөөк сатууга мүмкүнчүлүгү бар.

Өнүккөн өлкөлөрдө чакан жана орто бизнестин экономикадагы үлүшү 50-70%ды түзөт. Кытайда чакан жана орто бизнестин үлүшү 60%, Германияда – 40%, Казакстанда – 17%. Коңшу Казакстан бул көрсөткүчтү 2030-жылга карата эки эсеге көбөйтүүнү көздөп жатышат.

Кыргызстанда чакан жана орто бизнес ДУПнун жалпы көлөмүнүн 40 пайызын өндүрүү менен бирге бюджетке ири көлөмдөгү пайда алып келет жана он миңдеген жумушчу орундар менен граждандарды камсыз кылат.

Таблица 1 - Кыргызстандагы чакан жана орто бизнестин 1991-2015 жылдар аралыгындагы өнүгүү динамикасы

| **Субъектилердин саны** | **1991** | **1995** | **2000** | **2006** | **2007** | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кичи ишканалар | 2269 | 5433 | 5737 | 8424 | 9002 | 11103 | 11374 | 11338 | 11371 | 11127 | 11749 | 12712 | 13232 |
| Орто ишканалар | 0 | 1160 | 1011 | 843 | 850 | 885 | 847 | 823 | 840 | 804 | 800 | 793 | 795 |
| Жеке ишкерлер | 7,7 | 42,4 | 101,4 | 179613 | 193425 | 204246 | 222700 | 244950 | 267776 | 297895 | 329737 | 350688 | 366734 |

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

## Адабияттар тизмеси


1. Усачева Ю.В. Проблемы развития малого бизнеса в мировой экономике [ Текст] / Ю.В.Усачева. - М.: Научная Книга, 2007. - 148с.
2. Сомов Е. Развитие малого и среднего бизнеса в Кыргызстане [ Текст] / Е.Сомов. - Б.: 2012.
2. Юсупова Н. Государственная поддержка малого бизнеса в США [ Текст] / Н.Юсупова. - Менеджмент в России и за рубежом. – 2001.-№5
3. Малое и среднее предпринимательство в Кыргызско Республике 2011-2015. [ Текст] / Статистический сборник. НСК КР. – Б.: 2016.
4. Инструкция об упрощенной системе налогообложения субъектов малого предпринимательства, утвержденная постановлением Правительства Кыргызской Республики от 31.12.2001г., №846
5. Закон Кыргызской Республики «О порядке проведения проверок субъектов предпринимательства» от 25 мая 2007 года № 72.
6. Закон Кыргызской Республики «О государственной поддержке малого предпринимательства» от 25 мая 2007 года №73.
7. Национальная стратегия устойчивого развития КР на период 2014-2017гг.
8. Официальный сайт Министерства финансов КР [Электронный ресурс] / Режим доступа: www.minfin.kg